ТҮРК ТИЛДҮҮ ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

---

## УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР БОЮНЧА КОМИССИЯ

## ТОГУЗУНЧУ ЖЫЙЫН

*Бишкек, 2022-жыл 9 июнь*

## “ТЫШКЫ САЯСИЙ КЫЗМАТТАШТЫКТА ПАРЛАМЕНТТЕРДИН РОЛУ”

## ОТЧЕТ

## I. КИРИШМЕ

1. Казакстандын Түркстан шаарында өткөн ТүркПАнын онунчу Пленардык сессиясында кабыл алынган Катчылыктын 2022-жылдын иш планына ылайык, ТүркПА Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча Комиссиянын тогузунчу жыйыны Кыргызстанда өтө турган деп чечим алынып жана иш календарга киргизилген. Жыйындын темасы “Тышкы саясий кызматташтыкта парламенттердин ролу” деп бекитилген.

2. Тышкы саясат же Парламенттик дипломатиянын кызматташтыгында парламенттердин ролу кеңири масштабда да болбосо, бирок дипломатиянын перспективдүү жана алтернативдүү жаңы бир түрүү болуп өнүгүп жатат.

3. Жалпысында бул маселелер аткаруучу бийликтин же өкмөттүн негизги акторлор катары Тышкы иштер министрликтердин жана тиешелүү министрликтердин эксклюзивдүү юрисдикциясы деп белгиленген. Ушул эле учурда элчилер жана дипломатиянын башка формалары, мисалы маданий дипломатия өлкөлөрдүн ортосундагы байланыштарды өнүктүргөн жана алдыга жылдыра турган шаймандардын бири деп таанылат.

4. Парламенттик дипломатия башкы эл аралык маселелер боюнча эки же көп парламенттер аралык үзгүлтүксүз диалогду жүргүзүүнүн каражаты.

5. Учурдагы доордо түрдүү глобалдык чакырыктар менен алектенүүдө тышкы саясий маселелерде парламенттердин ролун эки фундаменталдык жактан карап чыкса болот: биринчи – корпоративдик дипломатия жана экинчиси – дипломатиялык сүрөмөлөө.

6. Башка парламенттер менен кызматташууда улуттук парламенттердин ролу абдан маанилүү. Бул парламенттердин ыйгарым укуктарынын чегинде, же тагыраак айтканда түрдүү эки тараптуу макулдашуулар менен жөнгө салынат.

7. Бул контекстте ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн парламенттеринин ортосундагы кызматташтык маанилүү жана жолугушуунун күн тартиби парламенттерибиздин ортосундагы кызматташтыкты тереңдетүүгө салым кошуу болуп саналат.

## II. ПАРЛАМЕНТТИК ДИПЛОМАТИЯ, МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨР ЖАНА ТҮРКПА

8. Парламентарийлердин эл аралык форумдарга жана иш-чараларга жигердүү катышуусу улуттук өкмөттүн тышкы саясатын кылдаттык менен кароо үчүн зарыл болгон билимге жана түшүнүккө өбөлгө түзөт. Демек, эл аралык жолугушууларга катышуу – бул парламенттик иш менен дипломатиянын ажырагыс бөлүгү.

9. Парламенттик дипломатия салттуу мамлекеттик дипломатияны кайталабайт жана ордун да албайт. Бирок парламенттик дипломатия өкмөттүк дипломатияга көмөк көрсөтө алат, анткени депутаттар дипломатиялык ишмердүүлүк менен алектенүүдө ийкемдүү болушу мүмкүн. Дипломатиянын салттуу формаларын толуктаган, байыткан жана кубаттаган парламенттик дипломатия түшүнбөстүктөрдү оңдоо жана жоюу үчүн чөйрөнү түзөт.

10. Ар кайсы мамлекеттердин парламенттеринин мүчөлөрүнүн ортосундагы жеке байланыштар өз ара түшүнүшүүнү күчөтөт жана өлкөлөр ортосундагы эки тараптуу мамилелер үчүн пайдалуу альтернативалуу каналдарды түзүшү мүмкүн. Мындай байланыштар улуттук өнүгүүнүн контекстинде колдонулушу мүмкүн жана тынчтыкты, коопсуздукту, демократияны жана адам укуктарын бекемдөөгө, экономикалык өнүгүүнү, билим берүү жана социалдык шарттарды жакшыртууга багытталган.

11. Парламенттик дипломатиянын ишмердүүлүгү:

- эки тараптуу достук топтор;
- түрдүү чөйрөлөрдө маселелерди чечүү максатында парламенттер аралык эки тараптуу кызматташтык макулдашууларды, эки-тараптуу парламенттер аралык институттарды түзүү;
- парламенттердин Төрагалары же Комиссиялардын жетекчилери менен башкарылган парламенттик делегацияларды жөнөтүү же тосуу, өкмөттүк деңгээлге салыштырса көптөгөн саясий өкүлдөрдүн ортосунда сүйлөшүүлөргө мүмкүндүк берет;
- парламенттер аралык уюмдардын жыйындарын өткөрүү;
- инфраструктура үчүн так жана бирдиктүү долбоорлор боюнча кошуна өлкөлөрдүн парламенттик комитеттери менен субрегионалдык конференциялар;
- конфликтерди чечүү максатында эки тараптуу жолугушууларын же парламенттер аралык уюмдардын жолугушууларын аркылуу пайдаланып парламенттер аралык талкууларды жеңилдетүү;
- эл аралык коллоквиумдарды жана конфликттик кырдаалдарда жалпы түшүнүүгө көмөктөшүү үчүн ишенимди чыңдоочу башка чараларды уюштуруу;
- тынчтык процессинин өкүлдөрү, белгилүү бир конфликт боюнча атайын жумушчу топтордун катышуучулары жана шайлоого байкоочулар сыяктуу парламентарийлердин иши;
- депуттар менен аккредитацияланган элчилердин жолугушуулары;
- парламенттер аралык техникалык кызматташтык (ноу-хау менен тажрыйба алмашуу);
- өлкөнүн ичиндеги регионалдык конфликттерди изилдөө боюнча атайын комитеттер жана мындай конфликттерди чечүү жолдорун издеген өкмөттүк делегациялардын мүчөлөрү;
- саясий акыйкатчыларга, атап айтканда, саясий партиялар ортосундагы келишимди бузууга алып келиши мүмкүн болгон саясий партия тарабынан жасалган аракеттерди иликтөө милдети жүктөлгөн маселелер парламенттик дипломатиянын ар кандай мисалдары болуп саналат.

12. Парламенттик дипломатия Жыйындардын Төрагалары аркылуу эң жогорку деңгээлде алынып бара жатат. Бул жагынан алганда Төраганын кесиптештери менен жолугушуулары, өзү кабыл алган чет элдик делегациялар, катышкан эл аралык жолугушуулар, чет мамлекеттерге жасаган расмий иш сапарлары парламенттик дипломатия жаатындагы парламенттердин эң маанилүү түркүгүн түзөт.

13. Баарына белгилүү болгондой, көпчүлүк мамлекеттердин мамлекеттик протоколдук тизмесинде мамлекет башчыларына парламент башчылары кирет. Ошого жараша парламент башчылары тарабынан түзүлгөн тышкы байланыштар өтө маанилүү. Кошумчалай кетсек, мамлекет башчысы чет өлкөгө расмий иш сапары менен барганда парламент спикери өлкө башчысынын милдетин аткаруучу катары делегацияларды кабыл алат.

14. Ар бир мамлекеттин парламенттеринин төрагалары өз парламенттеринин тышкы байланыштарына чоң маани беришет. Палаталардын төрагалары кесиптештери менен жолугушууларында (эки) өлкөлөрдүн ортосундагы мамилелерди өнүктүрүүгө, эгер бар болсо конфликттерден алдын ала сактоо, эл аралык коомчулукту кызыктырган маселелер боюнча биргелешип иш алып баруу үчүн көп тараптуу жолугушууларды өткөрүүгө, парламенттер аралык байланыштарды өнүктүрүү, ошондой эле кол коюлган кызматташуу протоколдору менен парламенттер ортосунда өз ара сапарларды жана алмашуу программаларын уюштуруу. Аткаруу бийлигинен көз карандысыз мыйзам чыгаруу бийлиги парламенттин Төрагасы тышкы ишмердүүлүгү менен тышкы саясаттын ажырагыс бөлүгү болуп калды.

15. Парламенттин Төрагасы анын өлкөсүндө расмий сапары менен болгон Президенттер менен да жолугат, ошондой эле башка парламенттердеги өзүнүн кесиптештери менен да жолугат. Ошондой эле Төрага премьер-министрлерди, элчилерди жана башка чет өлкөлүк даражалуу адамдар менен кездешет.

16. Парламент Төрагасы өзү катышкан эл аралык жолугушууларда, конференцияларда чет мамлекеттерге салам айтып, көңүл айтуу менен бирге эл аралык маселелер жана окуялар тууралуу сөз сүйлөп, өз өлкөсүнө дипломатиялык салымын кошуп келет.

17. Түркия жана эгемендүүлүк алгандан бери Азербайжан, Казакстан жана Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюму, Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму жана Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги

сыяктуу абройлуу эл аралык кызматташтык уюмдары менен активдүү кызматташып келет.

18. ТүркПА мүчө мамлекеттер, түрк кызматташтык уюмдарын түзүүдө чоң ийгиликтерди жаратып, Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик ассамблеясынын чатыры астында чогулуп, түрк мамлекеттеринин ортосундагы парламенттик дипломатиянын эң чоң ачылышы болду.

19. Тышкы саясаттын жана парламенттик дипломатиянын бир көрүнүшү катары 30 жылдын ичинде ТҮРКСОЙ, Түрк мамлекеттеринин уюму, ТүркПА, Түрк академиясы, Түрк маданияты жана мурасы фонду түзүлдү.

20. Түрк дүйнөсүнүн руханий борбору Түркстанда 2021-жылдын 28-сентябрында өткөн ТүркПАнын 10-Пленардык сессиясында кабыл алынган Түркстан декларациясы жана башка маанилүү документтер парламенттик дипломатия тармагындагы кызматташтыкты бекемдеген жаңы кадам болду.

21. ТүркПА аймактагы эң актуалдуу маселелерди сүйлөшүү жолу менен ТүркПА мүчө-мамлекеттердин парламентарийлеринин ортосундагы конструктивдүү диалогду илгерилетүү үчүн маанилүү платформа катары маанилүү ролду ойнойт.

22. ТүркПА өз аймагында тынчтыкты жана туруктуулукту өнүктүрүүгө, ошондой эле бүткүл региондун жыргалчылыгы үчүн экономикалык, социалдык, гуманитардык жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө улуттук парламенттердин күч-аракеттерин координациялоодогу потенциалдуу ролу менен салым кошот, ошондой эле тышкы саясий кызматташтыкта диалогду, биримдикти жана ынтымактуулукту өнүктүрөт.

23. Белгилүү болгондой, 2022-жылы түрк мамлекеттеринин ортосунда дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгы белгиленип, бул багытта өз араларында да, дүйнөлүк деңгээлде да эл аралык кызматташтык үчүн түрдүү аянтчаларды түзүп, анын таасир чөйрөсүн кеңейтип, бүт дүйнөгө өзүнүн биримдигин көрсөтөт.

24. ТүркПАнын жыйындарынын үзгүлтүксүз жана туруктуу өтүшү Ассамблеянын жогорку ийгилиги жана анын алкагындагы мамилелер жаңы деңгээлге көтөрүлгөндүгүн көрсөтүп турат.

25. Парламенттик дипломатия жана интеграциялык каналдар аркылуу ТүркПА аймагында мындан аркы социалдык-экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүү, учурдагы көйгөйлөрдү чечүү жана аймактык кызматташтыктын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу үчүн колдонуудагы

мыйзамдарды жана ченемдик укуктук базаны жаңылоого артыкчылык берилет.

## III. КОРУТУНДУ

26. Парламенттик дипломатиянын жогорулуп турган маанилүү ролу учурдагы эл аралык мамилелердин мүнөздөмө белгилеринин бири болуп саналат. Парламенттик дипломатия өзүнүн ийкемдүүлүгү жана динамизми менен эл шайлаган өкүлдөр тарабынан башкарылат жана тышкы саясатты колдоочу жана толуктоочу курал катары чоң мааниге ээ. Парламенттер элдердин тилектерин жана коомдук пикирди чагылдыргандыктан, алардын глобалдык талкууларга катышуусу тынчтык, коопсуздук жана өнүгүүгө багытталган эл аралык аракеттерге чоң салым кошот.

27. ТүркПА көп тараптуу саясий кызматташтык механизмдерин бекемдөөгө умтулат. Бул контекстте, парламенттин мүчөлөрү үчүн жалпы кызыкчылык болгон атайын маселелер боюнча консультациялар аркылуу тез жана эффективдүү чечим кабыл алуу процесстерине чоң салым кошот.

28. Парламенттер аралык уюмдардын парламенттик дипломатиянын аракеттерин координациялоодо, парламенттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүүдө жана глобалдык күн тартибин аныктоодо чоң таасири бар.

29. Алдыңкы эл аралык форумдардын алкагында ТүркПА мүчө өлкөлөр бири-бирин колдоп, жалпы кызыкчылыкка ээ болгон тышкы саясат маселелери боюнча жалпы мамилени көрсөтүшөт. Бул контекстте ТүркПА мүчө мамлекеттердин делегацияларынын алдыңкы парламенттер аралык уюмдарда үзгүлтүксүз жолугушууларын өткөрүү пайдалуу консультация механизми болуп саналат жана жалпы кызыкчылыктарды колдойт.

30. Мүчө-мамлекеттер бири-биринин аймактык жана глобалдык маанидеги иш-чараларына активдүү катышуу менен алдыңкы парламенттер аралык уюмдардагы жогорку кызматтарга талапкерлигин жана демилгелерин өз ара колдошот.

31. Парламенттер аралык саясий кызматташтыкты тереңдетүү максатында Ассамблея Парламент мүчөлөрүнүн Эл аралык иштер боюнча комитетинин төрагаларынын жыйындарын өткөрүп жатат жана аны улантат. Жолугушууларда кызматташтыкты кеңейтүү, эл аралык

жана регионалдык маселелер боюнча позицияларды координациялоо жана башка айкын маселелер талкууланат.

32. Парламенттер аралык достук топтор, парламенттердин арасында эки тараптуу кызматташтыктын атайын аспаптары катары парламенттик дипломатияны өнүктүрүүдө жана саясий, экономикалык жана социалдык-маданий чөйрөлөрдө мамилелерди жана жалпы кызыкчылыктарды активдештирүүгө багытталган иш-аракеттерди илгерилетүүдө маанилүү роль ойнойт. Ушул маанайда мүчө парламенттердин парламенттер аралык достук топторунун башчыларынын жолугуштарын өткөрүү көп тараптуу кызматташтыктын күн тартибинин түрдүү маселелерин талкуулоого көмөктөшөт.